# УЛУУ БРИТАНИЯНЫН СЕЗОНДУК ЖУМУШЧУЛАР ПРОГРАММАСЫН КАТЫШУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН КЕТҮҮ БОЮНЧА АЛДЫН-АЛА БАГЫТТАМА

## КАДЫР-БАРКТЫ, КООПСУЗДУКТУ ЖАНА БАКУБАТТУУЛУКТУ КАМСЫЗ КЫЛУУ




ЖАРАНДАРДЫ ЧЕТ ӨЛКӨДӨ ИШКЕ ОРНОШТУРУУ БОРБОРУ
ЦЕНТР ТРУДОУСТРОЙСТВА ГРАЖДАН ЗА РУБЕЖОМ

IOM
UN MIGRATION

# ЖООПКЕРЧИЛИКТИ ЧЕКТӨӨ ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮ

Бул басылмада айтылган пикирлер авторго таандык жана Эл аралык Миграция Уюмунун (ЭМУ) көз карашын сөзсүз түрдө чагылдырбайт. Колдонулган аталыштар жана материалдарды басылмада көрсөтүү кайсы болбосун өлкөнүн, аймактын, шаардын же анын бийлигинин укуктук абалына, анын чек араларына байланыштуу расмий пикирди билдирбейт.

ЭМУ гумандуу жана тартиптүү миграция мигранттарга жана коомго пайда алып келет деген принципке таянат. Өкмөттөр аралык уюм катары ЭМУ эл аралык коомчулуктагы өнөктөштөрү менен бирге иш алып барып, миграция боюнча практикалык маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтөт; миграция маселелери боюнча түшүнүктү тереңдетет; миграция аркылуу социалдык жана экономикалык өнүгүүгө көмөктөшөт жана мигранттардын инсандык кадыр-баркын жана жыргалчылыгын коргойт.

# МАЗМУНУ


1- КАДАМ: ТОБОКЕЛДИКТЕР ЖАНА ЖОЛ БЕРИЛБЕС ЖҮРҮМ-ТУРУМДАР ........ 4

2-КАДАМ: ЖУМУШКА ОРНОШУУ ........ 10

ЗОМБУЛУКМАМИЛЕНИАЖЫРАТАБИЛҮҮЖАНАКООПСУЗДУКТАБОЛУУ........15

ӨЗ УКУКТАРЫҢЫЗДЫ БИЛҮҮ: УЛУУ БРИТАНИЯДА КАЙДАН ЖАРДАМ АЛУУГА БОЛОТ ........ 20

3-КАДАМ: КАЙТЫП КЕЛҮҮ. МЕКЕНДЕ КОЛДОО АЛУУ ........ 30

ТУУРА ЭМЕС ЖҮРҮМ-ТУРУМДАР ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮ ........ 34

Сезондук жумуш сизге акча иштеп табууга, жаңы көндүмдөргө ээ болууга жана келечкте пайда алып келе турган тажрыйба топтоого мүмкүнчүлүк берет. Көптөгөн жумушчулар бул мүмкүнчүлүктү үй-бүлөсүн колдоо, үй жайын оңдоо, билим алуу же жаңы пландар үчүн акча чогултуу үчүн колдонушат. Башка өлкөдө жашап, иштөө сиздин жеке өсүүңүзгө, жаңы маданияттар менен таанышууга жана келечекке карай ишеним курууга жардам берет.

Ошол эле учурда, үйдөн алыста, жаңы чөйрөдө болуунун кооптуу жагдайлары да бар. Бул колдонмо сизге коопсуздукту сактоого, укуктарыңызды түшүнүүгө жана кыйынчылыктар пайда болгондо кайдан жардам издөө керектигине жардам берет.

Колдонмодо төмөндөгү маалыматтар камтылган: эмгек мигранты катары гендердик негиздеги зомбулуктан, эксплуатациядан жана зомбулук мамиледен коргонуу укугуңуз бар.

- Чет элде кандай жагдайлар сиздин коопсуздугуңузга коркунуч туударарын жана укуктарыңыздын бузулушуна алып келээрин түшүндүрүү. Мындай жагдайлар Программа операторлору, агенттиктер, фермадагы жумуш берүүчүлөр, менеджерлер жана кесиптештер тарабынан жасалган этикалык нормаларга каршы жүрүм-турумдарды камтыйт. Сизге жеңил болушу үчүн колдонмону үч негизги кадамга бөлүп түшүндүрөбүз: жумушка кабыл алуу, иш менен камсыз болуу жана жумуштан кайтып келүү. Бул колдонмо коркунучтарды алдын ала аныктоого, алардын алдын алууга, эгерде ал коркунучтарга туш болсоңуз, өзүңүздү коргоого жардам берет.
- Кырдаал кооптуу болгондо эмне кылуу керек.
- Кеңеш жана колдоо алуу, ошондой эле көйгөйлөрдү коопсуз жана жашыруун билдирүү үчүн кайда кайрылууну билүү. Сиз канчалык көп билсеңиз, ошончолук коопсуз болосуз. Кабардар болуу жана маалымат - бул сиздин күчтүү куралыңыз.

# 1-кадам:

## ЖУМУШКА КАБЫЛ АЛУУ. КОРКУНУЧТАР ЖАНА ЖОЛ БЕРИЛГИС ЖҮРҮМ-ТУРУМДАР

Бул жерде сиздин миграциялык саякатыңыз башталат. Мүмкүн болгон коркунучтар жөнүндө билүү сизге коопсуз жана туура чечимдерди кабыл алууга жардам берет. Көпчүлүк коркунучтар жумушка кабыл алууда, сиз жумушка орношууга арызын толтуруп жатканда  же чет жака жумушка даярданып жатканда башталат.

Бул этапта, сиздин эмгек келишимиңизге, документтериңизге, качан жана каякка кетээриңизге Программа операторлору, ортомчулар же агенттиктердин жана визага арыз берүү борборлорунун өкүлдөрүнүн таасири чоң. Ушул себептен өз укугуңузду түшүнүп, ар бир кадамыңызга этият болуу маанилүү.

**Жумушка кабыл алууда гендердик негиздеги зомбулук**

Жумушка кабыл алууда, гендердик негиздеги зомбулук бул эркекменен аялдардын ортосундагы социалдык айырмачылыктардан улам, жумушчунун эркине каршы жасалган ар кандай зыяндуу аракеттерди билдирет. Бул зомбулукка физикалык, сексуалдык же психологиялык зыян келтирүү, ошондой эле коркутуу, мажбурлоо же эркиндикти чектөөлөрдү кирет.

Ошондой эле аялдарга менен эркектерге карата ар кандай багытталган кемсинтүү, кордоо, куугунтук, коркутуу жана кысым көрсөтүү түрүндө  болушу мүмкүн.







Сезондук жумушчуларга карата зомбулук ар кандай формада болушу мүмкүн, мисалы:

- Физикалык зомбулукка уруу, өрттөө, кысымга алуу, түртүп жиберүү, медициналык жардам берүүдөн баш тартуу, баңгизатты мажбурлап колдондуруу, Программа операторлору же ал тургай үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан келишим түзүүгө мажбурлоо коркунучтары кирет.
- Психологиялык зомбулукка жумушчулардын өзүн өзү алсыз же коркуу абалында сезүүсүнө себеп болгон басынтуу, оозеки кордоо, коркутуу кирет, алар жумушчулар өзүн күчсүз же коркунучту акыбалдай сездиришет.
- Экономикалык зомбулук аялдардын же эркектердин экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн чектеген гендердик чектөөлөрдү камтыйт, мисалы, жумушка орношуу укугунан баш тартуу, коопсуз жумушка кабыл алуу каналдарына  же билим алууга жана окутууга кирүүгө бөгөт коюу.
- Жумушка кабыл алуу учурунда, Программа операторлору, ортомчулар, ал тургай үй-бүлө мүчөлөрү зыяндуу гендердик ишенимдерди колдонуп, өз бийлигин кыянаттык менен пайдаланганда, гендердик зомбулук коркунучтарыпайда болушу мүмкүн. Бул аялдардын тынчсызданууларын ачык айтысуунa жол бербөө, аларды кооптуу же адилетсиз шарттарга макул болууга мажбурлоо, же алардын тандоосун көзөмөлдөө үчүн коркутуу жана манипуляция колдонуу түрүндө көрүнүшү мүмкүн.

Жумушчулар өз укуктарын же кайсы жерден жардам алса болорун билбеген учурда, гендердик зомбулуктун коркунучу жогорулайт. Мындай маалыматтын жоктугу аларды адилетсиз мамилеге жана басмырлоого көбүрөөк дуушар кылып, абалын оордотот жана мажбурлоого, эксплуатацияга же зомбулукка алып келиши мүмкүн болгон шарттарды түзөт.

### Жумушка кабыл алууда сексуалдык эксплуатация, зордук-зомбулук жана ыдык көрсөтүү

**Кыргызстандын мыйзамдары сизди жумушка алуу учурунда коргойт, анын ичинде адилеттүү мамилеге болгон укугуңузду, басмырлоодон коргоону жана зомбулук же кыянаттык менен пайдалануу эркиндигиңизди коргойт**

- «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктардын жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы бардык жарандар үчүн бирдей укуктарды жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдү тааныйт.
- Кыргызстандын Эмгек кодекси гендердик негизде басмырлоого тыюу салат жана жумушка орношуу процессине чейин созулган коопсуз эмгек шарттарына укук берет.
- «Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жөнүндө» мыйзам Кыргызстандын Кылмыш-жаза кодексине, Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизет жана гендердик зомбулуктун ар кандай формаларын, анын ичинде психологиялык жана экономикалык зомбулукту тааныйт.
- Кыргызстан аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция сыяктуу эл аралык документтерди ратификациялаган жана миграция жана эмгек миграциясында ГЗка каршы коргоону күчөтүүчү эл аралык милдеттенмелерге жана стандарттарга шайкеш келет.

### Жумушка кабыл алууда сексуалдык эксплуатация, кыянаттык жана ыдык көрсөтүү

Программа операторлору, ортомчулар же агенттиктин кызматкерлери  өздөрүнүн бийлигин жана көзөмөлүн сексуалдык максатта кыянаттык менен пайдаланган учурда пайда болот.  Бул адам ким болгонуна же кандай кызматты ээлегенине карабастан, мындай аракеттер эч качан кабыл алынбайт. Эгер сиз ушундай жагдайга туш болсоңуз, анда сиз сый-урмат менен мамиле кылууга жана жардам алууга укугуңуз бар. Мындан тышкары, уюмдар жана компаниялар зомбулук көрсөткөндөргө каршы  каршы чара көрүүгө милдеттүү.

Жол берилбеген жүрүм-турумдар төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- Сексуалдык эксплуатация. Программа операторлору, ортомчулар же агенттиктердин же виза алуу борборлорунун өкүлдөрү жумушка орношутуруу, документтерди тезирээк бүтүрүү, жакшыраак жумушка орноштуруу, акча же пайдалуураак келишим шарттары үчүн сексуалдык кызмат көрсөтүүнү  талап кылышы мүмкүн. Бул ошондой эле сексуалдык шантажды камтыйт, мисалы, эгер сиз сексуалдык аракеттерге макул болбосоңуз, арызыңыз же келишимиңиз четке кагылат деп коркутуу мүмкүн. Эгерде жетекчи же Программа оператору жумушуңузду сактап калуу же жакшы шарттарга ээ болуу үчүн «өзгөчө кызматтарды» талап кылса, бул сексуалдык эксплуатация болуп эсептелет. Сиз корголууга укуктуусуз жана каалаcаңыз мындай учурлар жөнүндө билдире аласыз.
- Сексуалдык зомбулук жана/же  ыдык көрсөтүү. Программа операторлору, ортомчулар же агенттиктин кызматкерлери тарабынан жасалган ар кандай сексуалдык иш-аракеттерине, жүрүм-турумуна же коркутууларга жол берелбейт. Буга орунсуз кармалоо, сексуалдык тариздеги тамашалар же комментарийлер, жыныстык катнашка мажбурлоо, зордуктоо же зордуктоо коркунучу кирет. Эгер кимдир бирөө сизди жыныстык катнашка мажбурласа, коркутуп-үркүтсө же эркиңизге каршы кандайдыр бир сексуалдык мүнөздөгү иш-аракеттерди жасаса, анда бул сексуалдык зомбулук болуп саналат. Жыныстык кол тийбестикке каршы ар кандай комментарийлер, жесттер, же физикалык байланыш болобу,  ыдык көрсөтүү болуп саналат. Мындай аракеттерге эч качан жол берилбейт жана сиз алар тууралуу билдирип, жардам жана колдоо суроого укугуңуз бар.

| Жагдай | Кантип көрүнүшү мүмкүн | Сиз эмне кыла аласыз |
|---|---|---|
| **Программа оператору орунсуз же сыйлабаган сөздөрдү же комментарийлерди колдонот** | **Маектешүү учурунда сизди ыңгайсыз абалга калтырган дене түзүлүшүңүз тууралуу комментарийлер же жеке (интимдик) мамилелериңиз жөнүндө суроолор** | **Маектешүү токтопуп, мындай жүрүм-турум жөнүндө тиешелүү  органга билдириңиз (“Тартип бузуу жөнүндө билдирүү”   бөлүмүндөгү таблицаны караңыз)** |
| **Мамлекеттик органдын өкүлү сизди жеке жолугушууга мажбурлап жатат** | **Түнкүсүн же жеке жерде жолугушууну сунуштайт** | **Жолугушуудан баш тартып, аны ишенимдүү каналдарга билдириңиз** |
| **Жумушка кабыл алуу учурунда коркутуулар** | **Сизге “Эгер кызматташпасаңыз, жумушка кабыл алуу мүмкүнчүлүгүңүздү жоготосуз” деген билдирүү келди** | **Бул кабыл алынгыс. Тийиштүү органдарга кайрылыңыз. Сиздин корголууга укугуңуз бар** |

**Эскертүү!** Зомбулук дайыма эле бетме-бет болбойт. Ал телефон аркылуу же интернетте да болушу мүмкүн. Билдирүүлөр, чалуулар же социалдык тармактар аркылуу кызматкерлерге басым жасоо, кысым көрсөтүү же коркутуу жасалышы мүмкүн. Бул санариптик зомбулук деп аталат жана бул жеке, бетме-бет зомбулук сыяктуу эле олуттуу. Мындай аракеттерге адепсиз же коркутуучу билдирүүлөрдү кайра-кайра жөнөтүү, макулдугуңузсуз улам-улам байланышуу же жеке сүрөттөрүңүздү же видеолоруңузду уруксатсыз бөлүшүү кирет. Бул зомбулук стресске, тынчсызданууга, депрессияга жана ал тургай ден соолукка байланыштуу кейгөлөргө алып келиши мүмкүн.

⚠ **Эсиңизде болсун:** Интернеттеги зомбулук да зомбулук болуп саналат, жана аны кабарлап, колдоо алуу укугуңуз бар – башка түрдөгү зомбулук сыяктуу эле.

Сиз ар дайым Кыргызстандын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ыкчам номурларына чалсаңыз болот:

- **115 жардам жана кеңеш алуу үчүн, же WhatsApp 0999 000 115.**

Ошондой эле Жарандарды чет өлкөдө жумушка орноштуруу борборунун ыкчам номерлери аркылуу жардам алсаңыз болот:

- **1899 же 0800 000189 (жергиликтүү чалуулар үчүн) же +996 559 189 900 (чет өлкөдөн чалуулар үчүн)**
- **+996 224 550 332 же +996 227 550 332 (WhatsApp ).**

Бардык чалуулар купуя болуп саналат. Бул кызматтар бекер, купуя жана сиздин коопсуздугуңуз менен абийириңизди коргоого багытталган. Сиз жалдоо процессинде же саякатыңыздын ар кайсы этаптарында кандайдыр бир туура эмес жүрүм-турум жөнүндө билдире аласыз. "Туура эмес жүрүм-турум жөнүндө билдирүү" бөлүмүнөн толук маалыматты караңыз. Сиз анонимдүү түрдө билдире аласыз. Эсиңизде болсун: сиз жалгыз эмессиз.

Бул кызматтар бекер, купуя жана сиздин коопсуздугуңуз менен абийириңизди коргоого багытталган. Сиз ар дайым кызматка алуу процессинде же башка этаптарда болуп жаткан ар кандай мыйзамсыз жүрүм-турумду билдире аласыз. Толугураак "Тартип бузуу жөнүндө билдирүү" бөлүмүндө. Сиз анонимдүү билдире аласыз. Эсиңизде болсун: сиз жалгыз эмессиз.

**Өзгөчө кырдаалдарда дароо милицияга чалыңыз: Кыргызстандагы милиция кызматынын номери - 102, же өзгөчө кырдаалдар кызматынын бирдиктүү ыкчам номерин колдонуңуз - 112.**

# МИСАЛДАР:

1 Программанын оператору Аидага эгер ал атын тизмеден тезирээк алдыга жылдыргысы келсе, анда аны менен кечки тамакка барышы керектигин айтты. Программа оператору мындайды талап кыла алабы?

Жок. Жеке же сексуалдык мүнөздөгү талаптарды коюу . Жеке же сексуалдык ырайым сурап кайрылууга эч качан жол берилбейт. Бул туура эмес жана  бул тууралуу билдирсеңиз болот, ошондо уюм чара көрүп, сизге колдоо көрсөтөт.

2 Жумушка орноштуруу жолугушуусунда агенттиктин менеджери катышуучулардан  ыңгайсыз жана уят абалда калтырган тапшырманы аткарууну суранды. Айгүл баш тартканда, анын аты тизмеден алып салынды. Мындайга жол берилеби?

Жок. Жумушчулар кадыр-баркын басмырлаган же кемсинткен өтүнүчтөрдү четке каккандыгы үчүн жазаланбашы керек. Бул туура эмес жана  бул тууралуу билдирсеңиз болот, ошондо уюм чара көрүп, сизге колдоо көрсөтөт.

3 Марат ортомчунун «Биз аялдарды жана майыптарды кабыл албайбыз» дегенин угуп калды. Программа операторунун мындай айтуусу мүмкүнбү?

Жок. Бул - дискриминация. Ар бир адам жумушка кабыл орношуужа жынысы, майыптыгыже башка жеке абалына карабай бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болушу керек. Бул туура эмес жана  бул тууралуу билдирсеңиз болот, ошондо уюм чара көрүп, сизге колдоо көрсөтөт. Программа операторлору жумушчуларды жынысы майыптыгы же жеке абалына карата аларды четтеткен же кайдыгер калтырган билдирүүлөрдөн оолак болуусу зарыл. Тескерисинче, алар жумуштун талаптары тууралуу так маалымат бериши керек, ошондо талапкерлер өздөрү чечим кабыл алышат. Бардык талапкерлер иштин мүнөзү жөнүндө алдын ала кабардар болушу керек, ошондой эгерде керектүү болсо өздөрүнө макул өзгөртүүлөрдү сурай алышы керек.

4 Маалымат сессиясында мамлекеттик агенттиктин өкүлү жаш аялга жумуштан кийин аны менен жалгыз жолукса, анын арызын «тездете» аларын айтты. Бул туурабы?

Жок. Кызмат көрсөтүүнүн акысы катары жеке же сексуалдык мүнөздөгү кызмат көрсөтүүнү талап кылуу кабыл алгыс жүрүм-турум. сурап кайрылууга жол берилбейт. Бул туура эмес  бул тууралуу билдирсеңиз болот, ошондо уюм чара көрүп, сизге колдоо көрсөтөт.

# 2-кадам

# ЖУМУШКА КАБЫЛ АЛУУ. ЗОМБУЛУКТУ ТҮШҮНҮП, КООПСУЗДУКТА БОЛУҢУЗ

Эгерде коопсуздук, урмат-сый жана адилеттүүлүк камсыз кылынса, сезондук жумуш оң таасир берип, күч-кубаттандырган тажрыйба боло алат.

Зомбулук сиз чет өлкөдө жашап, иштеп жаткан учурда да орун алышы мүмкүн. Бул бөлүм сизге коркунучтарды түшүнүүгө, өз укуктарыңызды билүүгө жана Улуу Британиядагы жумуш маалыңызда да, жашаган жериңизде да коопсуздукта жана колдоо астында болуунун практикалык жолдорун билүүгө жардам берет.

## Жеке же коомдук чөйрөдөгү гендердик зомбулук

Гендердик зомбулук эркектер менен аялдардын ортосундагы айырмачылыктардын социалдык айырмачылыктардан улам,  адамдын эркине каршы жасалган ар кандай зыян келтирүүчү аракеттерди билдирет. Бул физикалык, сексуалдык же психологиялык зыян келтирүүнү, мындан тышкары коркутууну, мажбурлоону же эркиндикти чектөөнү камтыйт. Улуу Британияда жүргөндө, зобмулук жумуш ордуңуздан тышкары, мисалы, турак жайыңызда, үй-бүлөңүздө же жамаатыңызда болушу мүмкүн. Бул олуттуу маселе жана сизди коргоого ала турган колдоо бар.

Мисалы:

- Физикалык зомбулукка өнөктөш, жубай же жамаат мүчөсүнүн тарабынан ур-токмокко алуу, өрттөө, чымчуу, түртүп жиберүү, медициналык жардам алууга тоскоол болуу же коркутуулар  көрсөтүлгөн  кирет.
- Психологиялык зомбулукка бул жашаган жайда же коомчулукта кемсинтүү, акаарат келтирүү, коркутуу же көзөмөлдөөгө багытталган жүрүм-турум кирет.
- Экономикалык зомбулукка өнөктөшүңүздүн же үй-бүлө мүчөсүнүн акчаңызды кармап калуусу же чечимдериңизди көзөмөлдөө үчүн сизге каржылык басым көрсөтүүсү кирет.

Зордук-зомбулукка салым кошкон факторлордун катарына зыяндуу стереотиптер (мисалы, эркектер аялдарды көзөмөлдөсө болот деген ишеним), акчага жана миграцияга байланышкан үй-бүлөлүк стресс, үй-бүлөнүн колдоосунан обочолонуу, көйгөйдү айтууга жол бербеген уят же жаман көрүнүп калуудан коркуу, ошондой эле арыз же жардам алуу жолдорун билбөө кириши мүмкүн.  Интимдик өнөктөш (мисалы, жубайы/жубайы) тарабынан жасалган жыныстык негиздеги зомбулук Улуу Британиянын мыйзамдарында үй-бүлөлүк зомбулук катары да каралат, ошондуктан сиз Улуу Британиянын 2021-жылдагы Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндөгү мыйзамы менен корголосуз.

⚠ **Эсиңизде болсун:** Зомбулук жумуштун сыртында болуп өтсө да, сиз корголосуз, аны билдирүүгө укугуңуз бар жана колдоо көрсөтүлөт.

## Жумуш ордундагы сексуалдык эксплуатация, сексуалдык зомбулук жана ыдык көрсөтүү

Жумуш ордундагы сексуалдык эксплуатация, кыянаттык зомбулук жана ыдык көрсөтүү  - сиздин жумушуңузга байланыштуу адамдар  сексуалдык же башка артыкчылыктарга ээ болуу үчүн ыйгарым укуктарын кыянаттык менен колдонгондо пайда болот. Мындай жагдайлар эч качан кабыл алынбайт. Жоопкерчилик иш берүүчүгө же уюмга таандык, жана сиз арыз жазууга жана коргоону алынууга укуктуусуз.

Мисалдар төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Сексуалдык эксплуатация: жумушка орношуу, жакшыраак нөөмөткө, эмгек акыга, турак жайга же визаны узартуу үчүн сексуалдык кызмат көрсөтүүгө мажбурлоого аракет кылуу. Бул келишимдерге же документтерге байланыштуу сексуалдык шантаж же коркутууларды да камтышы мүмкүн.

- Сексуалдык зомбулук жана/же ыдык көрсөтүү: ар кандай каалабаган сексуалдык иш-аракеттер, коркутуулар же жүрүм-турум, ошондой эле сизди көзөмөлдөө үчүн акча же жумуш коопсуздугун колдонуу. Буга сексуалдык аракеттерге мажбурлоо же басым көрсөтүү,же баш тартсаңыз, жумуштан бошотуу, зомбулук же башка терс натыйжалар менен коркутуу кирет. Эмгек акыны кармап калуу, мыйзамсыз чегерүүлөрдү жасоо же кже жумуштан бошотуу менен коркутуп, жумушчуларга басым көрсөтүү же көзөмөлдөө да зомбулуктун бир түрү болуп саналат. Бул ошондой эле жетекчилердин, менеджерлердин же кесиптештердин сизге карата кааланбаган сексуалдык тамашаларды, комментарийлерди, жаңсоолорду, тийишүүлөр же тынымсыз көңүл буруулары да кирет. Бул жүрүм-турумдардын бардыгы кабыл алынгыс жана алар жөнүндө билдирүү керек.

Кылмышкерлерге уюштуруучулар, жетекчилер, ферманын администраторлору, менеджерлер, ошондой эле улук кызматтагы же таасирге ээ болгон кесиптештер кириши мүмкүн.

Кошумча себептерге жумушун жоготуу коркуусу, үйгө жиберилишинен чочулоо, турак-жай үчүн жумуш берүүчүгө көз карандуулук, тил тоскоолдуктары, стигма (терс коомдук көз караш), жана зыяндуу гендердик стереотиптер кириши мүмкүн.

⚠ **Эсиңизде болсун:** Эгерде сиз кандайдыр бир зордук-зомбулукка дуушар болсоңуз, бул сиздин күнөөңүз эмес. Жумуш ордунда ким өз бийлигин кыянат колдонгонуна карабастан, ал адам сиздин башчыңыз же көзөмөлчүңүз болсо дагы, бул жагдайды коопсуз түрдө билдирүүгө жана коргоо алынууга укугуңуз бар.

## Фермаларда коргоо жана даттанууларды кароо механизмдери

Улуу Британияда иштей баштаганда, сиз ферманын администрациясы жумушчулардын коопсуздугун сактоо эрежелерин жана көйгөйлөрдү жана даттанууларды кантип билдирсе болорун түшүндүргөн тааныштыруу/багыттоо сессиясына катышасыз, бул коргоо жана даттанууларды кароо механизмдери деп аталат.

Бул жумушчуларды зомбулуктан, кысым көрсөтүүдөн же ар кандай кыянаттыктан коргогон жана даттануулардын коопсуз жол менен билдирүүгө мүмкүнчүлүк берген система. Сезондук жумушчулар программасына катышкан ар бир ферма Улуу Британиянын мыйзамдарын сактоого милдеттүү. Бул 2010-жылдагы Теңчилик жөнүндө мыйзамга (Equality Act 2010) жана 2023-жылдагы

Жумушчуларды коргоо жөнүндө мыйзамга (Worker Protection Act 2023) ылайык, дискриминацияга, кысым көрсөтүүгө жана зомбулукка каршы күчтүү коргоо чараларын камтыйт. Бардык жетекчилер жана кызматкерлер бул мыйзамдык талаптарды сактоого милдеттүү.



⚠️ **Эсиңизде болсун:** зомбулуктун же кысым көрсөтүүнүн ар кандай түрү, анын ичинде санариптик (онлайн) зомбулук жана кысым көрсөтүү, таптакыр жол берилбейт. Сиз Улуу Британиянын жараны болбосоңуз да, өз оюңузду ачык айтууга жана корголууга толук укугуңуз бар. Коргоо чаралары, эрежелер жана талаптар сиздин татыктуу, коопсуз жана урмат-сый менен жашап,иштешиңизди камсыз кылуу үчүн кызмат кылат.



# ДАТТАНУУЛАРДЫ КАРОО МЕХАНИЗМДЕРИ КАНДАЙ ИШТЕЙТ

### Билдирүү

Эгер сиз зомбулуктун, ыдык көрсөтүүнүн, анын ичинде санариптик ккодулоонун кандайдыр бир көрүнүштөрүнө кабылсаңыз жана өзүңүздү коопту абалда сезсеңиз, бул тууралуу жетекчиңизге, коргоо юоюнча жоопту кызматкерине билдирип, же чарбанын же Программа операторунун даттануулар үчүн атайын каналдарына (ишеним телефонуна, арыз формасы  же жолугушуу аркылуу кайрылыңыз. Фермада ишке киришүү/багыттоо учурунда сизге байланыш маалыматтары берилет.  Улуу Британияда өзгөчө кырдаал болсо **999** номерине полицияга чалсаңыз болот, шашылыш эмес учурлар үчүн **101**, ал эми медициналык жардам керек болсо **111** номерине кайрылууга болот.

### Колдоо

Сизге медициналык жардам, психосоциалдык колдоо жана коопсуз кызматтарга кайрылууну камтыган жардам сунушталат. Сиздин билдирүүңүз жашыруун түрдө каралат. Сизге жардам бере турган уюмдар “Укуктарыңызды билиңиз. Улуу Британияда кайдам жардам алса болот” деген бөлүмдө көрсөтүлгөн.

### Коргоо

Иш берүүчү сизди сиз арызданган тараптын   өч алуусунан жана башка зыян келтирүүчү иш-аракеттеринен коргоого милдеттүү.

⚠️ Эсиңизде болсун: сиздин коопсуздугуңуз биринчи орунда турат. Улуу Британиянын мыйзамдары жана коргоо саясаты бардык жумушчуларды коргойт. Эгер бир нерсе туура эмес сезилсе, жардам сурасаңыз болот.



# ЖАРДАМ СУРАП КАЙРЫЛУУ

Башка өлкөдө жашоо кыйын болушу мүмкүн, айрыкча англис тилин жакшы билбесеңиз. Эгер сиз зордук-зомбулукка, ыдык көрсөтүүгө же кооптуу жагдайларга туш болсоңуз, анда эсиңизден чыгарбаңыз: сиздин коопсуздугуңуз биринчи орунда турат.

Ар кандай кырдаалга даяр болуу үчүн, сактык чараларын көрүү маанилүү экендигин унутпаңыз:

- Чалууларды жүргүзүү үчүн жетиштүү акча менен телефонуңуз кубаттап (заряддап) ар дайым жаныңызда кармаңыз.
- Тез жардам номерлерин телефонуңузга сактаңыз (999 – полиция, 111 – медициналык кызматтар, 101 – шашылыш эмес полиция).
- Телефон номериңизди жана дарегиңизди англис тилинде жаттап алыңыз.
- Ишенимдүү адамдардын байланыш номерин (үй-бүлө мүчөсү, дос же жамааттын мүчөсү) сактап алыңыз. Алардын арасында (контакттарыңызда) англис тилинде эркин сүйлөгөндөрболсо абдан жакшы болот.
- Кесиптештериңиз менен өз ара колдоо көрсөтүүчү байланыштарды түзүп, бири-бириңиздин абалыңызды байма-бай текшерип туруу жөнүндө макулдашып, коопсуздук үчүн байланыш номерлериңизди бөлүшүп алыңыз.
- Бул баракчада төмөндө келтирилген колдоо кызматтарын текшериңиз. Айрым уюмдар расмий арыз бергенге чейине кеңеш бере алышат.

# АНГЛИСЧЕ ПАЙДАЛУУ СӨЗ АЙКАШТАРЫ

Бир нече жөнөкөй сүйлөмдөрдү үйрөнүү же сактоо өзүңүздү коргоого жана тезирээк жардам алууга жардам берет. Сиз аларды полиция кызматкерине, кесиптешиңизге, байланыш операторуна же жакын адамыңызга үнүңүздү чыгарып окусаңыз болот. Бардык уюмдар орус же кыргыз тилдеринде тез жардам көрсөтө алышпайт, ошондуктан англис тилинде айрым негизги фразаларды үйрөнүү маанилүү. Мындан тышкары, котормочу колдонмосун мобилдик телефонуңузга жүктөп алуу пайдалуу болот. Эсиңизде болсун: коркуп же тартынып жатсаңыз да, жардам суроо сиздин укугуңуз.

| Пайдалуу сөз айкаштары | Транскрипция (орусча) | Кыргызча котормо |
|---|---|---|
| I am calling from [your location]. I want to report harassment/abuse. | Ай эм коллинг фром [ваше местоположение]. Ай уонт ту рипорт хэрэсмент/абьюз. | Мен [сиздин жайгашкан жериңизден] чалып жатам. Кыйноолор/кыянаттык жөнүндө билдиргим келет. |
| I am calling from [your location]. I need help. | Ай эм коллинг фром [ваше местоположение]. Ай нид хелп. | Мен [сиздин жайгашкан жериңизден] чалып жатам. Мага жардам керек. |
| I am not safe here. It is not safe to stay here. | Ай эм нот сэйф хиэ. Ит из нот сэйф ту стэй хиэ. | Мен бул жерде коопсуз эмесмин. Бул жерде калуу кооптуу. |
| My supervisor/co-worker is bothering me. | Май супервАйзор / ко-уоркер из боззринг ми. | Менин жетекчим/кесиптешим мени кыйнап жатат. |
| I feel unsafe at work. | Ай фил ансэйф эт уорк. | Жумушта өзүмдү коопсуз сезбейм. |
| I need to report harassment. | Ай нид ту рипоорт хэрэсмент. | Кыйноолор жөнүндө кабарлашым керек. |
| I need a doctor. | Ай нид э доктор. | Мага дарыгер керек. |
| I was hurt, I need medical help. | Ай уоз хёрт, ай нид мэдикл хелп. | Жаракат алдым, медициналык жардамга муктажмын. |
| Please call 999, it is an emergency. | Плиз кол найн найн найн, ит из эн имеджменси. | 999 номерине чалыңыз, бул өзгөчө кырдаал. |
| I don’t speak English, so I need someone who speaks Russian | Ай донт спик инглиш, со ай нид самуон, ху спикс рашин. | Англис тилин билбегендиктен орус тилин билген адам керек. |

## Бирге жашоо жана иштөө

Улуу Британияда жашап, иштөө бул тең укуктуулук жана өз ара сый-урматтын бийик тутулган коомчулуктун мүчөсү болуу. Ар бир адам башкаларга адилеттүү мамиле кылып, жоопкерчиликти бөлүшүп, коопсуз жана позитивдүү чөйрөнү түзүшү керек. Төмөндө берилген пункттар бул иш жүзүндө эмнени билдирерин түшүнүүгө жардам берет.

- Кесиптештериңизди сыйлаңыз. Жумушта, турак жайда жана коомдо баарына татыктуу мамиле жасаңыз. Угуу, кызматташуу жана сылык-сыпаа болуу күн сайын маанилүү.
- Эркектер менен аялдар үй милдеттерин тең бөлүшөт. Улуу Британияда эркектер да, аялдар да тазалык иштерин жасап, тамак бышырып, жалпы үй иштерин бирдейаткарышат.
- Аялдар кандай кызматтарда иштей алышат. Алар жетекчи, администраторлор же ферма ээлери болушу мүмкүн. Аялдар чечимкабыл алып,эркектерге карата көрсөтүлгөн сый-урмат сыяктуу эле сый көрөт .
- Ыдык көрсөтүүгө жол берилбейт. Адамдарга карата комментарий берүү, тийишүү, тамашалоо же алар каалабаган комментарийлерди берүү ыдык көрсөтүү деп эсептелет. Бул Улуу Британияда олуттуу кабыл алынат жана юридикалык кесепеттерге алып келиши мүмкүн, анын ичинде полициянын иш-аракеттери, эгерде арызданган тарап сиздин өлкөңүздөн жана коомчулугуңуздан болсо дагы. Мындай жүрүм-турумга жол берилбейт жана жазаланат.
- Сый-урматтуу мамиле ишенимди түзөт. Сый-урмат менен жашоо жана иштөө позитивдүү чөйрөнү жаратат, чыр-чатактардын алдын алат жана ар бир адам коопсуз жана колдоого алынгандай сезет.
- Бардык жумушчулар коопсуз жана татыктуу турак жайга укуктуу. Эркектер менен аялдар кааласа, жеке, жыныска ылайык турак жайды сурап алууга мүмкүнчүлүгү болушу керек, бул жеке жашоо купуялыгын, ар-намысты жана коопсуздукту камсыз кылат.



# МИСАЛ СУРООЛОР/СЦЕНАРИЙЛЕР:

1 Зухранын жетекчисм кошумча жумуш сааттарын ал менен  жумуштан тышкары аны менен жалгыз жолугушууга макул болгондо гана кошумча сменаларды ала аларын айтты. Бул туурабы?

Жок. Команданын лидери эч качан жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүнүн ордуна сексуалдык мамилени талап кылуу үчүн өз кызматтык ордун колдонбошу керек. Бул туура эмес жана уюм чара көрүп, сизге колдоо көрсөтүү үчүн билдиришиңиз керек.

2 Алинанын жетекчиси аны «менин сүйүүм» деп атады жана аны токтотууну сурангандан кийин дагы, анын денеси жөнүндө бир нече жолу тамашалап, каалабаган комментарийлерди айтты. Бул туурабы?

Жок. Жыныстык асылууга Жумушта каалаган сексуалдык комментарийлер же жүрүм-турум кабыл алынбайт. Бул туура эмес жана уюм чара көрүп, сизге колдоо көрсөтүү үчүн билдиришиңиз керек.

3 Дамиранын кесиптеши социалдык тармактарда анын каалабаган билдирүүлөрүн, анын ичинде денеси жөнүндө анекдотторду жана аны токтотууну айткандан кийин жалгыз жолугушууга чакырууларды жөнөтүп турду. Бул туурабы?

Жок. Бул санариптик куугунтук. Интернетте кайталанган, каалабаган же сексуалдык билдирүүлөрдү жөнөтүү зомбулуктун бир түрү болуп саналат жана билдирилиши керек.

4 Миранын жумушчулардын турак жайындагы кошунасы башка жамааттан келген эркектер менен сүйлөшсө, ага зыян келтирем деп коркуткан. Бул туурабы?

Жок. Бул физикалык зомбулук жана коркутуу коркунучу. Ким менен сүйлөшүп жатканыңызды көзөмөлдөөгө эч кимдин укугу жок. Бул туура эмес жана уюм чара көрүп, сизге колдоо көрсөтүү үчүн билдиришиңиз керек.

5 Түшкү тыныгуу учурунда эркек жумушчу аял кесиптешинин сырткы көрүнүшү жөнүндө орой тамашаларды жана жагымсыз комментарийлерди айта берет. Ал аны токтотууну суранат, бирок ал күлүп: «Муну олуттуу кабыл алба, биз тамашалайбыз», - деп улантат. Бул туурабы?

